# ПРЕСС-РЕЛИЗ

# ТРАНСПОРТ ЖАНА КОММУНИКАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИНИН 2024-ЖЫЛДЫН 9 АЙЫНДА АТКАРГАН ИШИ

## ТРАНСПОРТ ТАРМАГЫ

Транспорт тармагында 2024-жылдын 9 айында алгылыктуу иштер аткарылып, бардык көрсөткүчтөрдүн өсүүсүнө жетишилди. Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин Жерде жүрүүчү жана суу транспорту департаменти тарабынан 9 айдын ичинде жүргүнчү жана жүк ташыган **520 миң 794** унаа текшерилди. Анын жыйынтыгында транспорт мыйзамдарынын талаптарын бузуу фактылары боюнча **6 миң 150** протокол түзүлдү.

Жалпысынан 2024-жылдын 9 айында лицензия жана уруксат кагаздарын берүүдөн, салмак өлчөмдөрүн таразалоо жана өлчөөдөн, бөлүнбөгөн жүктөрдү ташуу үчүн атайын уруксат жана зыяндын ордун толтуруудан, административдик айыптардын салынышынан жалпысынан **202 млн 219 миң** сом түштү. *(2023-жылдын 9 айында 71 млн 330 миң 300 миң сом түшкөн).*

2024-жылдын 9 айында Кыргызстандын автотранспортчулары тарабынан **209 миң 672 каттам** аткарылып, **3 млн 106 миң 364 тонна** жүк ташылды. *(2023-жылдын ушул мезгилине карата 163 млн 756 каттам аткарылып, 2 млн 761 миң 58 тонна жүк ташылган).*

Кыргызстандын автотранспортчуларынын кызыкчылыктарын коргоо жана эл аралык автотранспорттук кызмат көрсөтүү рыногунда жагымдуу шарттарды түзүү, 2024-жылга карата чет мамлекеттер менен соода-экономикалык кызматташтыкты мындан ары өнүктүрүү максатында 41 мамлекеттен квота менен **92 миң 315 даана** жана кошумча **42 миң 990 даана** уруксат кагазы алынды. *(2023-жылы ушул эле мезгилине карата 67 495 даана уруксат кагаздары алынган).*

Мындан тышкары, 2024-жылдын 9 айында “Кыргыз автобекети” мамлекеттик ишканасы тейлеген каттамдардын саны 290 миңди түзсө, жөнөтүлгөн жүргүнчүлөрдүн саны 2 млн 679 миң 800 адамды түздү.

Элге ыңгайлуу шарт түзүү менен бирге убакытты үнөмдөө максатында Ticket.railway.kg жана Beket.kg сайттары иштелип чыгып, аралыктан билет сатып алуу мүмкүнчүлүгү ачылды.

## ТЕМИР ЖОЛ

Кыргыз темир жолу аркылуу 2024-жылдын 9 айынын ичинде **6 344,2 миң тонна** жүк, ал эми **208 миң 736** жүргүнчү ташылды. *(анын ичинде эл аралык каттам боюнча 11 миң 393 жүргүнчү жана республикалык ички ташууларда 197 миң343 жүргүнчү ташылды).*

Президент Садыр Жапаровдун туризмди өнүктүрүү жана жүргүнчүлөрдү ташуунун ыңгайлуулугун жогорулатуу жөнүндө Жарлыгын ишке ашыруу максатында «Кыргыз темир жолу» УК» мамлекеттик ишканасынын демилгеси менен 2024-жылдын августунан тартып Бишкек-Рыбачье багыты боюнча ВИП-купе категориясындагы жүргүнчүлөр вагону ишке киргизилди. (2022-2023-жылдары ишке киргизилген Люкс жана ВИП вагондору жүргүнчүлөр тарабынан олуттуу суроо-талапты далилдеди).

**Кыргыз Республикасынын ички темир жол тармагын өнүктүрүүгө жана жаңы темир жол линияларын курууга багытталган милдеттерди ишке ашыруунун алкагында олуттуу иштер аткарылууда:**

«Балыкчы-Кочкор» темир жолунун курулушу кызуу уланууда. Бүгүнкү күндө 35 чакырым темир жол бүткөрүлдү.

2024-жылдын 6-июнунда Пекин шаарында үч өлкөнүн Өкмөтүнүн ортосунда «Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан» темир жол долбоорун биргелешип кызматташуу жөнүндө Макулдашууга кол коюлду.

2024-жылдын 27-июнунда Президент Садыр Жапаров Кытай, Кыргызстан жана Өзбекстан өкмөттөрүнүн ортосундагы «Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан» темир жолун куруу долбоору боюнча Макулдашууну ратификациялоого кол койду.

2024-жылдын 28-сентябрында «Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан темир жолу» ЖЧКсы ачылды.

Транспорт жана коммуникациялар министрлиги азыркы тапта «Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан» темир жолун куруу иштерин баштоо боюнча тиешелүү иштерди алып барууда.

**Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин маалымат кызматы**